**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Москва районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**
**Отчет**

**Аудит субъектилери**

Аудит субъекти болуп – Чүй областынын Москва райондук мамлекеттик администрациясы, Москва районунун Өнүктүрүү фонду, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Москва финансы башкармалыгы, Москва районунун өз алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жоопту тараптардын милдеттери**

Аудит субъектинин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, жергиликтүү бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 100, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча колдонмосуна ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Москва райондук мамлекеттик администрациясында, Москва районунун Өнүктүрүү фондунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Москва финансы башкармалыгында, Москва районунун **12** өз алдынча башкаруу органдарында жана **5** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит субъекттеринин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык, аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит субъектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2022-жылга Москва районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган:

- финансылык бузуулар **– 7 630,8 миң сомго;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **9 587,0 миң сомго;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **7 493,4 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Москва райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 1 815,9 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 1 197,3 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген 618,6 миң сом, анын ичинде:

- Биринчи май айыл өкмөтү – 75,0 миң сом (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү);

- Садовое айыл өкмөтү – 331,7 миң сом (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы);

- "Таза Көчө" муниципалдык ишканасы (уюштуруучусу Садовое айыл өкмөтү) – 59,4 миң сом (негизсиз чыгымдалган акча каражаттар);

- Сретенка айыл өкмөтү – 87,5 миң сом (максатсыз пайдаланган бюджеттик каражаттар).

**Москва районунун 2023-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

2023-жылдын 12 айында Москва районунун өнөр жай продукциясынын накталай өндүрүш көлөмү 5 504,4 млн сомду түзгөн, салыштырмалуу 2022-жылдын 12 айында 5 082,3 млн сом өндүрүлгөн, башкача айтканда 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 422,1 млн сомго көп өндүрүлгөн. Өсүү темпи 108,3%, түзгөн жана физикалык индекстин көлөмү 109,2% түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №3 «Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында, 2023-жылдын 12 айында 1 012,8 млн сомго инвестиция тартылып, 31 объект ишке киргизилген, жана калган объектилердин ишке киргизүү боюнча иштер жүрүп жатат, ошону менен бирге жалпысынан 2023-жылдын ичинде 381 жумушчу орун түзүлгөн.

Москва районунун Өнүктүрүү фонду тарабынан 2023-жылы 8 долбоорду ишке ашыруу каралган, анын ичинен 4 долбоор 2022-жылдын жыйынтыгы менен аяктабай калган соң, 2023-жылга өткөн. Аталган 4 долбоор толугу менен 12,3 млн сомго (Өнүктүрүү фонду-9,6 млн сом, өздүк салым – 2,7 млн сом) каржыланып, аяктады. Ал эми, калган 4 долбоор боюнча 12,9 млн сомго иштер аткарылды (Өнүктүрүү фонду – 9,7 млн сом, айыл өкмөттөрдүн өздүк салымы – 3,2 млн сом).

2023-жылы суу түтүктөрүн орнотуу, алмаштыруу, тазалоо иштерин жүргүзүүгө 27,2 млн сом сарпталган, анын ичинен: 9,1 млн сом республикалык бюджеттин, 12,3 млн сом жергиликтүү бюджеттин, 0,4 млн. сом өздүк жана жеке каражаттардын, 5,3 млн сом донордук уюмдардын эсебинен аткарылган

2023-жылга Москва районун Байкоочу кенеши тарабынан жалпы суммасы 12,4 млн. сомду түзгөн 3 долбоор каралган, анын ичинен керектелүүчү дем берүүчү гранттын суммасы 7,9 млн. сомго, өздүк каржылоо суммасы 4,6 млн. сомго божомолдонгон. Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин комиссиясы тарабынан долбоорлор тандалып келишим түзүлүп, иштер толугу менен аткарылган.

"Айыл чарбасын каржылоо-11" долбоору боюнча Москва районунунун квотасы 108,0 млн, сомду түзгөн, жана аталган долбоор боюнча "Айыл Банк" ААК Беловодск бөлүмү тарабынан 127 адамга 54,4 млн сом бөлүнүп берилген, ошондой эле "РСК Банк" ААК Беловодск бөлүмү тарабынан 106 адамга 46,1 млн сом акча каражаты берилген.

2023-жылда лизинг аркылуу 21,3 млн сомго 9 даана техника алынган.

**2023-жылга бюджеттин аткарылышы.**

2023-жылдын январь-декабрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 565,2 млн сомго бекитилсе, накталай түшкөнү 589,8 млн сомго камсыздалган, же болбосо пландын аткарылышы 104,3% түзгөн, жана бюджетке накталай түшүүсү 24,6 млн сомго көп аткарылган. Ал эми, салыштырмалуу 2022-жылдын январь-декабрь айларында накталай түшкөнү 444,0 млн сомду түзгөн, башкача айтканда былтыркы жылга салыштырмалуу 145,8 млн сомго көп жыйналган. Салыктык төгүмдөрдү чогултуу боюнча өсүү темпи 132,9 % түзгөн.

Анын ичинде республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 360,5 млн сомго бекитилсе, накталай түшкөнү 360,6 млн сомго аткарылып, пландын 100,0% аткарылышы камсыздалган. Ал эми, 2022-жылдын январь-декабрь айларында накталай түшкөнү 223,0 млн сомду түзгөн, же болбосо былтыркы жылга салыштырмалуу 137,6 млн сомго көп жыйналган. Салыктык төгүмдөрдү чогултуу боюнча өсүү темпи 161,7% түзгөн.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 204,9 млн сомго бекитилсе, накталай түшкөнү 229,2 млн сомду түзүп. ландын аткарылышы 111,8% камсыздалган, жана божомолдон 24,2 млн сомго көп чогулган. Ал эми, 2022-жылдын январь-декабрь айларында накталай түшкөнү 220,9 млн сомду түзгөн, же болбосо былтыркы жылга салыштырмалуу 8,2 млн сомго көп жыйналган. Салыктык төгүмдөрдү чогултуу боюнча өсүү темпи 103,7% түзгөн.

Чүй областынын Москва районунда жүргүзүлгөн учурдагы аудиттерде **25 979,3 миң сом** финансылык бузуулар аныкталган, анын ичинен:

**110105** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 10 346,1 миң сом;

**210305** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) – 502,1 миң сом;

**230207** Курулуш-монтаждоо иштеринин наркынын жана/же көлөмүнүн жогорулатылышы – 784,2 миң сом;

**230303** Кызматкерлердин эмгек акы төлөөлөр жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар – 268,0 миң сом;

**230306** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 1 786,9 миң сом;

**310104** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын эскиришин жана материалдык эмес активдерди эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте эсепке алынбаган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн болушу – 99,9 миң сом;

**410205** Эмгек акыны, командировкалык чыгымдарды, жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана башка төлөмдөр менен байланышкан бузуулар – 1735,1 миң сом;

**410215** Дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар - 1857,3 миң сом;

**410216** Кредитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар - 240,7 миң сом;

**410301** Эсеп жүргүзүү тартибинин жана отчеттуулуктун башка бузуулары–5105,9 миң сом;

**510103** Мыйзамдардын талаптарына ылайык, конкурс өткөрүлбөстөн, сатып алуулар (товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү) – 3253,1 миң сом.

Мындан тышкары, 10 (он) башка жол-жоболук бузуулар жана 1 (бир) мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү башка бузуулар аныкталган.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Чүй областынын Москва районунун төмөнкү мекемелеринин бюджеттеринин аткарылышы жана муниципалдык ишканалардын иштери, бардык олуттуу аспекттеринде, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталган.

**Москва райондук мамлекеттик администрациясы**

2023–жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 21 253,1 миң сомго бекитилген, 2023-жылдын ичинде 21 253,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 17 512,5 миң сомду түзсө, накталай чыгымдары 16 645,4 миң сомго атакарылган.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата **189,2 миң сомго** Күйүүчү майлоочу майлардын нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Күйүүчү майлоочу майлар боюнча 189,2 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**Москва районунун Өнүктүрүү фонду**

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча жалпы чыгымдар сметасы 20 000,0 миң сомго бекитилген, жыл ичиндеги өзгөртүүлөр менен сметалык чыгымдар 22 234,5 миң сомго такталган. Кассалык жана накталай чыгымдардын жалпы көлөмү 19 485,5 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 99-беренесинин талаптарын бузуу менен, Москва районунун Өнүктүрүү фондунун директорунун 2022-жылдын 14-мартындагы №1 буйругунун жана эмгек келишимдин негизинде, Москва райондук мамлекеттик администрациясынын эсепчиси Акименко Л.В. Москва райондук Өнүктүрүү фондунун штаттык ыраттамасына ылайык кызмат акы менен, башкы эсепчинин кызмат ордуна кабыл алынган. Ага ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 1-майына чейин ага **44,1 миң сом** төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 6,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айкалыштырып иштөө боюнча жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 99-беренесинин 3-пунктунун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ш. Кенешов

**Ак-Суу айыл өкмөтү**

2023-жылы бюджеттин чыгаша бөлүгү 18 683,4 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 26 719,2 миң сом такталган, кассалык чыгым 16 474,3 миң сом түзсө, накталай чыгымдар 15 205,8 мин сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата **659,9 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 659,9 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж.Карабаев

**Александровка айыл өкмөтү**

Чыгымдар боюнча план 29 401,1 миң сом суммасында бекитилген, 2023-жылдын ичинде 48 205,7 миң сомго такталган. Кассалык чыгымдар 39 241,1 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 26 064,7 миң сомго аткарылган.

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун (мындан ары – АЧЖМФ) жерлери боюнча ижара келишимдеринин суммасы, жыл башындагы карызды кошкондо, 10 473,1 миң сомду түзгөн. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн киреше булактары боюнча 2023-жылга такталган план болгону 5 206,0 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **5 267,7 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынып, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

Айыл өкмөтүнүн АЧЖМФ жерлерин ижарага берүү боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолу, ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жыл ичинде өзүнүн кызматтык милдетин так, өз убагында аткарбагандыгы үчүн 10 кызматкерге айыл өкмөтүнүн башчысынын тескемелери менен "эскертүү" жана "сөгүш" берилген. Ошол себептен, төлөнгөн **14,3 миң сом** эмгек акыга кошумча акы негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары, кошумча акы төлөөдө, жарыяланган тартиптик жазалар эске алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата **545,3 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 545,3 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды электрондук веб-порталда жайгаштырбастан, **122,8 миң сомго** сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары товардык материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу жол-жоболорунун талаптарына ылайык аткарылсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Айыл өкмөтүнүн АЧЖМФ жерлеринин ижара акылары боюнча жыл башына карыздары 4 022,5 миң сомду түзгөн, келишимдеринин жалпы суммасы 5 333,9 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылы ижара акысынан жергиликтүү бюджетке түшүүсү болгону 4 571,6 миң сомго камсыздалган, же болбосо 2023-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардын ижара акысы боюнча карыздары 4 574,4 миң сомго чейин өскөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн тарабынан АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Бухгалтердик эсеп боюнча отчеттуулуктагы маалыматтарга ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата 680,9 миң сом суммасындагы кредитордук карыз эсепте болгон. Бирок, бухгалтердик биринчилик документтерге жана ортолук салыштыруу актыларына ылайык иш жүзүндөгү кредитордук карыздын көлөмү 440,2 миң сомду түзөт, анын ичинен жеке ишкер С. Ридвановко азык-түлүк үчүн 290,7 миң сом, жана подрядчылардын кепилдикке депозит эсебине төлөгөн каражаттардын 149,5 миң сомду түзгөн, же болбосо айыл өкмөттүн кредитордук карызы **240,7 миң сомго** негизсиз жогорулатылган.

Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, кредитордук карыз 240,7 миң сомго азайтылган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, кредитордук карыз 240,7 миң сомго азайтылганы эске алынсын. Мындан ары, кредитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте «Александровка айылынын орто мектебинин чатырын которуу иштери» жана «Александровка айылынын А.Арбуду атындагы орто мектебинин от казанын оңдоо жана мешин которуу иштери» объектери боюнча подрядчы "Би Тесла" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык негизсиз киргизилип, иштердин наркы жалпы **264,1 миң сомго** жогорулатылган, анын ичинде:

- «Александровка айылынын орто мектебинин чатырын которуу иштери» объектиси боюнча 62,6 миң сом;
- «Александровка айылынын А.Арбуду атындагы орто мектебинин котельнаясын оңдоо жана мешин которуу иштери» объектиси боюнча 201,5 миң сом.

**Сунуштама**:

Аудиттерде аныкталган подрядчы "Би Тесла" ЖЧКсы тарабынан 264,1 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

- «Александровка айылынын орто мектебинин чатырын которуу иштери» объектиси боюнча 62,6 миң сом;
- «Александровка айылынын А.Арбуду атындагы орто мектебинин от казанын оңдоо жана мешин которуу иштери» объектиси боюнча 201,5 миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Дж.Мейманалиев, Д. Кубанычбеков.

**“Александровка” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Александровка айыл өкмөтү)

Бухгалтердик баланска жана кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетко ылайык 2023-жыл үчүн кирешелер 2 552,7 миң сомду түзгөн, эсептен чыгарууга тийиштүү чыгашалар 2 780 миң сомду түзгөн, жана жылдын жыйынтыгы менен 227,3 миң сомго Ишкана зыян тарткан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин бузуу менен, кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары айылдык кеңеш тарабынан бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин талаптарына ылайык айылдык кеңеш тарабынан бекитилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы "Александровка" МИ жалданма кызматкерлерге (тизме түзүлгөн) 149,9 миң сом эмгек акы чегерип төлөгөн, бирок иш берүүчү катары Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185-беренесин бузуу менен **21,5 миң сом** киреше салыгы кармалып, бюджетке төгүлгөн эмес. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен **25,7 миң сомго** Социалдык төлөмдөр кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын жетекчилиги тизмедеги жалданма кызматкерлерден 21,5 миң сомго киреше салыктарын жана 25,7 миң сомго социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүн кармап, тиешелүү бюджетке жана Социалдык фондко которулсун.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай төлөмдөрсүз жана эсептешүүлөрсүз үлүштү көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга Мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө (үчүнчү этап)" токтомунун 9-пунктун бузуу менен, калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн квитанциялардын негизинде накталай формада төлөмдөр кабыл алынып келинген.

Белгилеп кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтому Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-декабрындагы №675 токтомуна ылайык күчүн жоготкон.

**Сунуштама:**

Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес төлөөнүн ар кандай формаларын жана каражаттарын пайдалануу менен төлөө мүмкүнчүлүгү камсыз кылынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, **637,2 миң сомго** күйүүчү-майлоочу майларды сатып алуулар эсепке берүү жолу менен жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Дж. Мейманалиев

**Беловодское айыл өкмөтү**

2023-жылы бюджеттин чыгаша бөлүгү 97 687,8 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 144 772,8 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 121 110,5 миң сомду, ал эми накталай чыгымдар 76 274,5 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын ичинде, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктундагы бекитилген мөөнөттөрдү бузуу менен, Беловодск айыл кеңешинин токтомдору менен бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө жыл ичинде 5 ирет өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобону бузуу менен, 2023-жылдын аягында "Спецмонтажгасстрой" ЖЧКнун **313,5 миң сомго** дебитордук карызы бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде калдык катары чагылдырылган эмес, же жашырылган.

Аудит учурунда "Спецмонтажгасстрой" ЖЧКсы тарабынан 313,5 миң сом акча каражаты 2024-жылдын 26-февралында №6 төлөө тапшырмасы менен Беловодское айыл өкмөтүнүн бюджетине төгүлүп, ордуна коюлган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда "Спецмонтажгасстрой" ЖЧК тарабынан 313,5 миң сом акча каражаты ордуна коюлганы эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен, 2023-жылдын аягына "Кара-Балта жол курулуш" ЖЧКнун **1 243,9 миң сомго** дебитордук карызы бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде калдык катары чагылдырылган эмес, же жашырылган.

Аудит учурунда Беловодское айыл өкмөтү менен "Кара-Балта жол курулуш" ЖЧКнын ортосунда 2024-жылдын 19-февралында салыштыруу актысы түзүлүп, 1 243,9 миң сом дебитордук карыз катары эсепке алынып, ордуна коюлду.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда 1 243,9 миң сом дебитордук карыз катары эсепке алынып, ордуна коюлганы эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен, 2023-жылдын аягына "Кыргыз почтасы" ААК Москва райондук филиалынын **11,0 миң сомго** дебитордук карызы бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде калдык катары чагылдырылган эмес, же жашырылган.

Аудит учурунда "Кыргыз почтасы" ААК Москва райондук филиалы тарабынан 11,0 миң сом акча каражаты 2024-жылдын 04-мартындагы №M0500000188 төлөө тапшырмасы менен Беловодское айыл өкмөтүнүн бюджетине төгүлүп, ордуна коюлган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда 11,0 миң сом акча каражаты ордуна коюлганы эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Беловодск айыл өкмөтү тарабынан кээ бир ТМБ жана кызматтарды сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 50-беренесинин талаптарын, жана түзүлгөн келишимдердин шарттарын бузуу менен, конкурстун жеңүүчүлөрү тарабынан контрактты аткаруунун кепилдиктерин камсыз кылуу талаптары коюлбай, келишимдин өзгөчө шарттарынын талаптары аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, ТМБ жана кызматтарды сатып алууларды жүргүзүүдө, «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары жана түзүлгөн келишимдердин шарттары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

2023-жыл ичинде жылуулук энергиясынын акысын өз учурунда төлөбөгөндүгү үчүн “Кыргызжылуулук” мамлекеттик ишканасынын “Беловодск райондор аралык жылуулук жана суу менен жабдуу ишканасы” филиалы тарабынан **59,8 миң сом** айыптык төлөм эсептелген, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик жоготууларды болтурбоо максатында, жылуулук энергиясынын төлөмдөрүн өз убагында төлөө боюнча тиешелүү иш чаралар көрүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

2023-жылы муниципалдык менчик жерлердин ижара келишимдеринин суммасы 1 069,4 миң сомду түзгөн. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн киреше булактары боюнча 2023-жылга такталган план болгону 500,0 миң сомго бекитилген, же бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **569,4 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынып, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттеринде, подрядчылар тарабынан аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык негизсиз киргизилип, иштердин наркы жалпы **320,1 миң сомго** жогорулатылган, анын ичинде:

- «Беловодское айылынын "Балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин чатырын жана терезелерин которуу боюнча оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Ак-Бата Келечеги" ЖЧКсы тарабынан 211,5 миң сомго;
- «Беловодское айылынын балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин жылуулук системаларын жана полун которуу боюнча оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Дорожный холдинг" ЖЧКсы тарабынан 108,6 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудиттерде аныкталган подрядчылар тарабынан иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

- «Беловодское айылынын Балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин чатырын жана терезелерин которуу боюнча оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Ак-Бата Келечеги" ЖЧКсы тарабынан 211,5 миң сомго;

- «Беловодское айылынын балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин жылуулук системаларын жана полун которуу боюнча оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Дорожный холдинг" ЖЧКсы тарабынан 108,6 миң сомго.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, подрядчылар тарабынан аткарылган иштердин көлөмдөрү **120,3 миң сомго** жогорулатылганы аныкталган, анын ичинде:

-«Беловодское айылынын балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин жылуулук системаларын жана полун которуу боюнча оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Дорожный холдинг" ЖЧКсы тарабынан 73,7 миң сомго;

-"Беловодское айылынын паркын жакшыртуу иштери" объектиси боюнча подрядчы "Спецмонтажгазстрой" ЖЧКсы тарабынан 46,6 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган подрядчылар тарабынан иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

-«Беловодское айылынын балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин жылуулук системаларын жана полун которуу боюнча оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Дорожный холдинг" ЖЧКсы тарабынан 73,7 миң сомго;

-"Беловодское айылынын паркын жакшыртуу иштери" объектиси боюнча подрядчы "Спецмонтажгазстрой" ЖЧКсы тарабынан 46,6 миң сомго.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор М. Нуранов, Д. Кубанычбеков.

**"Таза айыл" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Беловодское айыл өкмөтү)

Ишкананын аудит камтыган мезгил аралыгындагы киреше жана чыгаша булактары алдын ала божомолдонуп эсептелинген эмес, 2023-жылга карата аткарылуучу өндүрүштүк-финансылык планы түзүлбөгөн жана ушул аудитке көрсөтө жана бере алышкан жок. Аудитке берилген маалыматтарга ылайык 2023-жылда жалпы түшкөн кирешенин суммасы 25 787,0 мин сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитке берилген маалыматтарга ылайык 2023-жылы турмуш тиричилик калдыктарын чыгаруу боюнча 3045 кожолук же 3754 адам жана юридикалык мекемелер менен келишимдер түзүлүп 6 565,6 мин сом кызмат акы эсептелген, жыл ичинде 4 974,9 мин сом акча каражаты өндүрүлгөн, жылдын аягына 1590,0 миң сом дебитордук карыз болгон.

Айыл өкмөтүнүн паспорту боюнча айыл өкмөтүнүн аймагында 01.01.2023-жылга карата жашап жаткан калктын саны 25387 адамды түзүп турмуш тиричилик калдыктарын чыгаруу боюнча 100% камсыздалган (айылдагы ар бир көчөдөн график боюнча таштандылар чыгарылат). Бирок, "Таза Айыл" муниципалдык ишканасынын маалыматы боюнча 3045 кожолук же 3754 адамдар менен гана турмуш тиричилик калдыктарын чыгаруу боюнча келишимдер түзүлгөн. Эгерде болжол эсеп менен айыл аймагындагы жашоочулардын 70% (17771 адам) турмуш тиричилик калдыктарын чыгаруу кызматынан пайдаланган учурда да айырмасы 14017 адам же болбосо болжолдуу 5 046,1 миң сомду түзөт (14017адам*30сом*12 ай=5046,1мин сом). Бул муниципалдык ишканага орто эсеп менен **5 046,1 миң сом** киреше түшкөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, турмуш тиричилик калдыктарын чыгаруу үчүн кирешенин жоготууларынын себептерин тиешелүү адистер менен аныкталып, мындан ары жоготууларга жол бербөө боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн, жана жоготууларга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор М.Нуранов

**Беш-Терек айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 909,1 миң сомго бекитилген, жыл ичинде сметаларды өзгөртүү менен план 11 575,4 миң сомо тактalган . Кассалык чыгымдар 7 898,6 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 6 946,9 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, 2023-жылдын 1-ноябрынан кийин айыл өкмөтүнүн бюджетине Беш-Терек айылдык кеңешинин 2023-жылдын 25-декабрындагы №34 токтомунун негизинде өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобону бузуу менен, **99,9 миң сомго** сатылып алынган негизги каражаттар, анын ичинде генератор 69,9 миң сомго жана принтер 30,0 миң сомго, бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде негизги каражат катары чагылдырылбастан, түздөн-түз чыгым катары чыгышталган.

**Сунуштама:**

2023-жылы 99,9 миң сомго сатылып алынган негизги каражаттар, бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде негизги каражат катары, бухгалтердик оңдоо жүгүртүүлөр менен, чагылдырылсын.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптарына ылайык, сатып алынган кымбат баалуу жабдуулар менен материалдык баалуулуктар, негизги каражат катары эсепке алынуусу камсыздалсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга АЧЖМФ жерлери боюнча ижара келишимдеринин суммасы 3 099,9 миң сомду түзгөн. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн киреше булактары боюнча 2023-жылга тактalган план болгону 2 2080,7 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **1 202,1 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынып, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

Аудит жүргүзгөн мамлекетик инспектор А. Утурова

**Биринчи май айыл өкмөтү**

2023 - жылга карата айыл өкмөттүн кирешелер бөлүгү активдер, милдеттенмелер жана трансферттер менен кошулуп тактalган планы 47 637,6 миң сомго бекитил ген, накталай аткарылышы 47 612,0 миң сомго камсыздалып, план 99,9 % аткарылган, же 25,6 миң сомго кем түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 34 263,0 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде сметаларды өзгөртүү менен 52 106,8 миң сомго тактalган, ал эми кассалык чыгымдар 37274,1 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 29 218,0 миң сомго аткарылган.

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, тактап айтканда 75,0 миң сомго жайыт

жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 75,0 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулсун).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын ичинде, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктунун талаптарын бузуу менен, Биринчи май айыл кеңешинин токтомдорунун негизинде бюджетке тогуз ирет өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга АЧЖМФ жерлери, жана айыл өкмөттөрүн карамагындагы жерлер боюнча ижара келишимдеринин суммасы жана 1 649,8 миң сомду жана калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн учеттогу тизме боюнча накталай салыгы 318,7 миң сомду түзгөн. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн киреше булактары боюнча 2023-жылга такталган план болгону 1 467,0 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **501,5 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынып, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**“Жаңылык” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Биринчи май айыл өкмөтү)

2023 - жылга кирешеси 11 065,9 миң сомго камсыздалган, ал эми чыгашасы 11 125,3 миң сомду түзүп, 2023 – жылдын жыйынтыгы менен 59,3 миң сомго зыян менен аяктаган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндо корутунду:**

2023-жылы Ишкананын кызматкерлерине жалпы 5 992,8 миң сом эмгек акы чегерилген, бирок "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускамасынын талаптарын бузуу менен, Ишкана 1 033,8 миң сом (17,25 %) социалдык төлөмдүн ордуна, 623,1 миң сом эсептелип, Социалдык фондго төлөмдөр **410,7 миң сомго** кем которулган.

**Сунуштама.**

Социалдык фондго 410,7 миң сомго кем төлөмдөрдү толугу менен которулуусу камсыздалсын. Мындан ары, социалдык камсыздандыруу боюнча төлөмдөрдү эсептөө жана төлөө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускамасынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, **2 493,1 миң сомго** ТМБ эсепке берүү жолу менен сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**Петровка айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 18 452,6 миң сомго бекитилген, смета боюнча такталган сумма 29 021,0 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдардын жалпы көлөмү 24 038,0 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 22 607,4 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын ичинде, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктундагы бекитилген мөөнөттөрдү бузуу менен, Петровка айыл кеңешинин токтомдорунун негизинде 2 ирет өзгөртүүлөр жана тактоолор киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

2023-жылга АЧЖМФ жерлери боюнча ижара келишимдеринин суммасы, жыл башындагы карызды кошкондо, 5 016,0 миң сомду түзгөн. Бирок, көрсөтүлгөн киреше булактары боюнча 2023-жылга такталган план болгону 4 450,0 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **566,0 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынып, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1 пунктун бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, жана 2023-жылы **212,6 миң сом** айлык акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фондго төлөмдөр 31,3 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди жумушка кабыл алууда, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча

эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата **149,2 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 149,2 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык, бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте «Петровка айыл өкмөтүнүн көчөлөрүн шагыл менен оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Кожобай курулуш" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык негизсиз киргизилип, иштердин наркы **22,0 миң сомго** жогорулатылган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Петровка айыл өкмөтүнүн көчөлөрүн шагыл менен оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Кожобай курулуш" ЖЧКсы тарабынан 22,0 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Ш.Кенешов, Д. Кубанычбеков.

**“Таза Петровка” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Петровка айыл өкмөтү)

Киреше бөлүгүнө жалпысынан 2 020,7 миң сом түшкөн, анын ичинен: Петровка айыл өкмөтү тарабынан 898,2 миң сомго каржыланган, ошондой эле, таштандыларды чыгаруу жана калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу үчүн баардыгы 1 122,5 миң сом түшкөн. Ишкананын чыгаша бөлүгү жалпысынан 2 017,9 миң сомго сарпталган, жыл жыйынтыгы менен 2,8 миң сом пайда тапкан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы “Таза Петровка” МИ кызматкерлерге (тизме түзүлгөн) айлык акы чегерип төлөгөндө, иш берүүчү катары Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесин бузуу менен **5,4 миң сом** киреше салыгы кармалып, бюджетке төгүлгөн эмес. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускамасынын талаптарын бузуу менен **38,8 миң сомго** Социалдык төлөмдөр кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын жетекчилиги тизмедеги кызматкерлерден 5,4 миң сомго киреше салыгын жана 38,8 миң сомго социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүн кармалып, тиешелүү бюджетке жана Социалдык фондко которулсун. Мындан ары, киреше салыгын жана социалдык камсыздандыруу взносторун эсептөөдө жана төлөп берүүдө, Кыргыз

Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускамасынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кенешов Ш.

**Предтеченка айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 11 050,5 миң сомго бекитилген, 2023-жылы 14 054,9 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр болгону 12 368,9 миң сомго камсыздалып, план 88,0% аткарылган, же киреше пландан 1 686,0 миң сомго аз түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 17 476,5 миң сом суммасында такталып бекитилсе, кассалык чыгашалар 12 455,5 миң сомго жүргүзүлгөн, накталай чыгымдар 8 415,2 миң сомго аткарылган.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесинин жана “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган ваканттык орунга 1 кызматкер кабыл алынган, жана 2023-жылы **228,1 миң сом** айлык акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фондго төлөмдөр 36,3 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Рысалиев

**Садовое айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 19 151,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде сметаларды өзгөртүүлөр менен план 38 752,9 миң сомго такталган болгон, ал эми кассалык чыгымдар 34311,7 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 19 034,2 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес (331,7 миң сом- курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 331,7 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган 7 кызматкер кабыл алынган, жана 2023-жылы **288,5 миң сом** айлык акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фондго төлөмдөр 42,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди жумушка алууда, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижара акылары боюнча жыл башындагы карызы 20,4 миң сомду түзгөн, 2023-жылы ижара келишимдеринин суммасы 6 462,7 миң сомду түзгөн. Бирок, көрсөтүлгөн киреше булактары боюнча 2023-жылга такталган план болгону 6 000,0 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **483,1 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынып, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык, бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте «Садовое айылынын суу мунарасынын аянтын куруу иштери» объектиси боюнча подрядчы "Кожобай курулуш" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык негизсиз киргизилип, иштердин наркы **7,3 миң сомго** жогорулатылган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Садовое айылынын суу мунарасынын аянтын куруу иштери» объектиси боюнча подрядчы "Кожобай курулуш" ЖЧКсы тарабынан 7,3 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К.Абдыманапов, Д. Кубанычбеков.

**“Таза Көчө” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Садовое айыл өкмөтү)

2023-жылы кызмат көрсөтүүдөн түшкөн киреше 2 593,1 миң сомго камсыздалса, жана чыгаша 2 598,1 миң сом суммасында аткарылып, 2023-жылы 5,0 миң сомго зыян тарткан.

**1. Критерийлердин бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес (59,4 миң сом акча каражаттарынын негизсиз эсептен чыгарылышы).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 59,4 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (акча каражаттарынын негизсин эсептен чыгарылылышы).

**2. Критерийлердин бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга чарбачылык жүргүзгөн абоненттер тууралуу маалыматтар талап кылынып, маалыматтар берилбегендигине байланыштуу, контролерлор (Л. Хохлова, С. Степаненко) берген маалыматы менен Садовое айыл өкмөтүнөн канча юридикалык катталган жана иштеген ашкана жана дүкөндөрдүн тизме маалыматы алынып эсеп жүргүзүлгөн, анда 50 (элүү) дүкөн 0,7 миң сомдон 420,0 миң сом, ашкана 7 (жети) 1,0 миң сомдон 84,0 миң сом, жалпы 504,0 миң сом киреше юридикалык жактардан түшүүгө тийиш болгон, юридикалык жактардан бир жылда болгону 215,1 миң сом түшкөн. Ишкананын юридикалык жактардан гана бир жылдык кирешенин жоготтусу эсеп менен 288,9 миң сом түзгөн.

Ошол сыяктуу эле, 2023-жылга карата калктан түшүүчү төлөмдүк (абоненттер) тууралуу талап кылынган маалыматтар берилбегендигине байланыштуу, аудитке айыл өкмөтүнүн паспорту боюнча, 2023-жылдын 1-январына карата түтүндөрдүн (двор) саны 2600 түтүн жашайт, ар бир түтүн башына 100 сомдон ай сайын болгондо, жалпы 3120,0 миң сомду түзгөн, ар бир түтүн жактардан болгону 1652,6 миң сом бир жылда түшкөн. Ишкананын ар бир түтүн жактардан гана бир жылдык кирешенин жоготтусу эсеп боюнча 1467,4 миң сом түзгөн. Жалпы юридикалык жана ар бир түтүн жактан кирешенин жоготуусу **1756,3 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Чарбачылык жүргүзгөн жана аймактын тургундардын саны такталып, келишимдер түзүлүп, абоненттер тууралуу маалыматтар талапка ылайык келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдыманапов К.

**Сретенка айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 16 902,5 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 25 171,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 19 912,0 миң сомго жүргүзүлсө, накталай чыгымдар 10 994,5 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес (87,5 миң сом бюджеттик каражаттардын максатсыз пайдаланылышы).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 87,5 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (бюджеттик каражаттардын максатсыз пайдаланылышы).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган 3 кызматкер кабыл алынган, аларга 2023-жылы **258,5 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фондго төлөмдөр 37,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата **243,3 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары жана дебитордук карыздар калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 243,3 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижара акылары боюнча жыл башындагы карызы 1 560,8 миң сомду түзгөн, жерлердин ижарага берүү келишимдеринин жалпы суммасы 1 жылга 6 536,8 миң сомду түзгөн, бирок мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүдөн 2023-жылы болгону 4 847,8 миң сом бюджетке түшкөн, же болбосо 2023-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардын карызы 3 249,8 миң сомго чейин өсүп, киреше катары түшпөй калган.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте «Стретенка айыл өкмөтүнүн жолдорун шагыл менен оңдоп түздөө иштери» объектиси боюнча подрядчы "Кожобай курулуш" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык негизсиз киргизилип, иштердин наркы **33,2 миң сомго** жогорулатылган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Стретенка айыл өкмөтүнүн жолдорун шагыл менен оңдоп түздөө иштери» объектиси боюнча подрядчы "Кожобай курулуш" ЖЧКсы тарабынан 33,2 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Н. Аширалиев, Д. Кубанычбеков.

**Төлөк айыл өкмөтү**

2023–жылга карата айыл өкмөттүн кирешелер бөлүгү жалпысынан 8 729,4 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 10 276,4 миң сомго такталган, аткарылышы болгону 9 624,6 миң сомго камсыздалып, план 93,7% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 5 237,1 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 10 689,1 миң сомго такталган. Кассалык чыгымдардын жалпы көлөмү 9 644,7 миң сомду түзгөн, накталай чыгымдар 8 361,8 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266-ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, кызматкерлерге эмгек өргүү үчүн төлөмдөр жалпы **253,7 миң сомго** негизсиз эсептелген жана төлөнгөн (2 ирет материалдык жардамдар).

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек өргүүгө чыккан кызматкерлерге өргүү акыларын эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266-ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 4 кызматкерлер кабыл алынган, аларга 2023-жылы **515,6 миң сом** айлык акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фондго төлөмдөр 91,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мамытов Н.

**Целинный айыл өкмөтү**

2023-жылга чыгашалар боюнча смета 8 131,8 миң сомго бекитилген, жыл ичинде смета өзгөртүүлөр жана толуктоолордон кийин план 10 319,3 миң сомго такталган. Кассалык чыгымдар 9 777,4 миң сомго жүргүзүлүп, накталай чыгымдар 7 013,7 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлар резервинде турбаган 1 кызматкер кабыл алынган, жана 2023-жылы **28,0 миң сом** айлык акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фонд төлөмдөр 4,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жана айыл өкмөттүн карамагындагы жерлерди ижарага берүү менен келишимдер боюнча ижара акыларды төлөтүү талаптагыдай иш-чаралар жүргүзүлгөн эмес. 2022-жылдын 31-декабрына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча өндүрүлбөй калган карызы 817,0 миң сомду түзгөн, ижарага берүү келишимдеринин жалпы суммасы 1 207,6 миң сомду түзгөн, бирок АЧЖМФ жерленин ижарага берүүдөн

2023-жылы бюджетке болгону 1 221,0 миң сом түшкөн, же 2023-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардын карызы 803,6 миң сом киреше катары түшпөй калган.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Аширалиев Н.

**Чапаев айыл өкмөтү**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 5 237,1 миң сомго бекитилген, смета боюнча такталган сумма 7579,6 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдардын жалпы көлөмү 6596,6 миң сомду түзгөн, иш накталай чыгымдар 6129,6 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 98-беренесин жана Чапаев айыл өкмөтүнүн штаттык ыраатамасын бузуу менен, китепканада иштеген 2 кызматкерге айкалыштырып иштегендиги үчүн, келишим түзүлбөстөн жана буйрук чыгарылбастан, негизсиз 0,25 ставкага эмгек акылары чегерилип, жалпы **52, 8 миң сом** төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айкалаштырып иштегендиги үчүн эмгек акы эсептөөлөр, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 98-беренесинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлар резервинде турбаган 1 кызматкер кабыл алынган, жана 2023-жылы **106,9 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинен Социалдык фондго төлөмдөр 18,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

**Дем берүүчү гранттар:**

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, «Маловодное айылындагы клубтун терезе, эшик жана чатырын которуу иштери» объектиси боюнча, подрядчы "МЕССИНА" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин көлөмдөрү **17,2 миң сомго** жогорулатылганы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Маловодное айылындагы клубтун терезе, эшик жана чатырын которуу иштери» объектиси боюнча подрядчы "МЕССИНА" ЖЧКсы тарабынан 17,2 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мамытов Н.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Москва финансы башкармалыгы**

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 4341,2 миң сом суммасында бекитилген, 2023-жыл ичинде бюджетке өзгөртүүлөр кирип, бюджеттин көлөмү 1881,1 миң сомго көбөйтүлүп, такталган бюджет 6222,3 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдар 6057,8 миң сом, накта чыгымдар 5567,1 миң сомго аткарылган.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Чүй областынын Москва финансы башкармалыгында бюджеттин

аткарылышы, бардык олуттуу аспекттеринде, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Утурова А.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмдүн жетекчиси** **М.М. Калмуратов**

Аткарган: мамлекеттик инспектор Омурсаков А., тел./факс (0312) 623518